## Ата- энелердин чогулушунун токтому №1

Күнү 14. 09. 2018 -жыл

**Темасы : Адам болуу аста-аста**

Максаты: Окуучуларга билим, тарбия берүүдө ата-эненин ролу

Балдарга талап коюуну билүү

Бардыгы-16

Катышканы-14

Чогулуштун жүрүшү:

Ата-энелерди 3 топко : биринчи топ « мугалим »

экинчи топ «ата-эне»

үчүнчү топ « окуучу» бөлүп алып, жагымдуу маанай тартулоо.

**Чечилүүчү маселелер:**

1.Доклад «Адам болуу аста- аста» (мугалим)

2.Докладды талкулоо

3.Окуучулардын сабакка катышуусу, жетишүүсү, тартиби

4.Окуучулардын окуу китептер менен камсыз болуусу

Окулган докладды 3 топ ар бири өз аталышынча талкуулашты .Кээ бир окуучулардын тартиптери боюнча сөз алып сүйлөгөндөр токтоктолуп жатышты.Класста сабактардан жетише албаган окуучуларга жакшы окуган окуучулардын жардамы керек болуп жаткандыгын эне-аталар айтышты.Сабактарынан жетише албаган окуучуларга кошумча сабактардын керектиги айтылды. Окуу китептери жетпей калган окуучуларга ата-энелер жакын арада сатып беришмей болушту.

Чечими :

* Ата-зне окуучулардын сабакка катышуусун камсыз кылышат

*Жакшы окуган окуучулар сабакка жетише албаган окуучуларга жардам беришет

*Окууда жетише албаган окуучулар кошумча окутулат

* Ата-энелер тартипсиз окуучуларды тартипке салышат

*Окуу китептери жетпей калган окуучуларга ата-эне өздөрү сатып берип,китеп менен камсыз кылышат.

# Ата- энелердин чогулушунун токтому №2

Куну 29.12.2021 –жыл

Тема: Менин баламдын мүнөзү

Максаты: Ата-эне баласын мүнөзүн билүү жана мүнөзүнө карата мамиле түзө билиш керек

Бардыгы-11

Катышканы -10

Бала тарбиялоодо ата да, эне да бирдей укуктуу

Чогулуштун жүрүшү:

Ата- энелер менен жакшы маанайда чогулушту баштоо

Балдар дагы бир жылга чоңоюп, мүнөздөрү өзгөрүп, оздөрүн чоңоюп калгандай сезип калышты.

Каралуучу маселелер:

1.Балдардын НЦТ га баруусу жана олимпиадага даярдануусу

2. 2чи чейректин жыйынтыгы

3. Мектептин ёлкасын өткөсүп, карнавалга катышуусу

4.Аңгемелешүү "Мен баламдын мүнөсүн билемби?"

Балдар 1чи НЦТ тесттен жакшы жетишкендиктери орус тил, биология , кыргыз тилден баргандар "5" алып келгендиги , 2чи НЦТга барууга акча даярдап, бара турган предметтерден даярдыгын көзөмөлгө алышаарын айтышты.

2чи чейректин жыйынтыгы жакшы, билим сапаты 75% болгондугун айттым.

Окуучулар быйылкы жылкы мектептин ёлкасын жакшы даярдыкта өткөсүшкөнүн айттым.

Мен баламдын мүнөзүн билемби? - деген темада аңгемелештик.Аңгемеде ата- эне балдарынын мүнөздөрүнө карата мамиле кылаарын айтышты

Чечим:

1.Балдардын НЦТ га жиберип турушат

2.Олимпиадага барган балдардын жол киресин ар бир ата-эне өзү төлөшөт.

3.Ата -эне балдарынын мүнөзүн түшүнүү менен мамиле кылышат.

# Ата- энелердин чогулушунун токтому №4

Күнү 20.05.2020 –жыл

Тема: Көз карандылыктан арылтуу (чылым чегүү, алкоголизм, наркомания )

Максаты: Ата-эне балага озү үлгү болуш керек

Баланын жашоого көз карашын туура тарбиялоо

Бардыгы-13

Катышканы -10

Чогулуштун жүрүшү:

Ата-энелерге көңүлдүү маанай каалоо

Каралуучу маселелер:

1.Окуу жылынын жыйынтыгы

2.Жайкы эс алуу уюштуруу

3.Аңгемелешүү "Көз карандыктан арылуу"

4-чейрек жана жылдын жыйынтыгын угусуу.

Жайкы эс алуу учурунда балдарды көлгө, шаарга жиберүүдө ата -эне коштоп жүрүүчү кишисиз жибербөө жөнүндө айтылды.

Бала ата-энеден үлгү алат.Ата- эне алардын кузгусу.Бала укканынан да, көргөнүн кылат, андыктан алар жакшы нерсени үй- бүлөдөн көрүш керек . Ата-энелер үлгү болуш үчүн көптөгөн мисалдарды өз жашоолорунан айтышты.Терс жакты балдар ылдам кабылдаарына да токтолушту.

Чечим:

1.Жайкысын китеп окуп, соткадан оюндарды аз ойноосуна көңүл бөлүшөт.

2.Ата-эне балдардын жайкы эс алуусун уюштурушат.

3.Тамери чегүүө жол беришпей, көзөмөл болушат

# Ата- энелердин чогулушунун токтому№ 4

Күнү 04.04.2019 –жыл

Тема: **Үй- бүлөдөгү балдардын сырдаштык тарбиясы**

Максаты: Ата- эненин балдары менен жакшы мамиле түзө алышат

Бардыгы- 15

Катышканы-11

Чогулуштун жүрүшү:

Ата-энелерди 2 топко бөлүү: биринчи топ "бала"

экинчи топ "ата-эне"

ушул маселеге карата өздөрүн баланын ордуна коюп жана эне-ата да болуп беришет.

Каралуучу маселелер:

1. 3-чейректин жыйынтыгы
2. 1-2 предметтен жетише албай калган балдар тууралуу
3. Жазгы түйшүк тууралуу
4. Ата-эне жана бала мамилеси

Балдардын 3-чейрегинин жыйынтыгы угулду.Ата-энелер балдарынын англис тил, орус тилден жетише албай жаткандыгын айтышты.Ал предметтерден мугалимге жолугуп, себебин билип , кошумча сабак өтсө болот эле дешти.

Жазгы түйшүк башталса эле балдар мектептен көп калышат.Кой кайтарып, жазгы жумуштар менен.

Балдар менен сырдашуу бардык ата -энелер эле боло бербейт. Кээ бир балдар ата-энелери менен көп сүйлөшүшпөйт. Ата-энелер кичине кезинен бала менен сүйлөшүп, алардын ишенимине кирип, бала менен сүйлөшкөн сөздү эч кимге айтпаш керек. Бала ата- энесине айткан сөздү-сырды бөлөк кишиден укпашы керек.Ал сыр сыр бойдон калыш керек.Эгер бала ата-энесинин сыр жашыр албаганын биле турган болсо, болду ал бала аларга эч убакта сырын айтпайт. Ошондуктан ата-эне балдарынын сырына этия мамиле кылыш керек.

Чечим:

1.Ата-эне окуучулардын билимине, тартибине көз болуу керек.

2.Кандайдыр бир предметтерден жетише албаган балдардын жетишип кетүүсүнө көз болуш керек

3.Ооруп калган эле учурда окуучу мектептен кала алат.

4.Балдардын купуя сырын бек сактоо керек